…Н»
**Кыргызстан ислам университетинин**
**ректору Нарматов А.И.**

**“ 26 ” 07 2018-ж.**

**Кыргызстан ислам университетинин студенттерин учурдагы, аралыктык жана жыйынтыктоочу текшерүү жүргүзүү жөнүндө**
**ЖОБО**

## 1. ЖАЛПЫ ЖОБОЛОР

1.1. Кыргызстан ислам университетинин (мындан ары – КИУ) студенттерин учурдагы, аралык жана жыйынтыктоочу текшерүү жүргүзүү жөнүндө ушул Жобо КИУнун студенттерин текшерүү, аралык жана жыйынтыктоочу текшерүүлөрдү жүргүзүүнүн жана академиялык карыздарын жоюунун тартибин аныктайт.

1.2. Студенттерди учурдагы текшерүү, аралык жана жыйынтыктоочу текшерүү (күнүмдүк текшерүү, модулдук текшерүү, семестр аягындагы сессиялар) – КИУ студенттеринин окуу программаларын мамлекеттик билим берүү стандарттарынын билим берүүсүнүн минимумуна жана КИУнун бүтүрүүчүлөрүн даярдоо деңгээлине карата талаптарына ылайык өздөштүрүүсүнө контроль жүргүзүү.

1.3. Студенттердин жетишүүсүн учурдагы баалоо (мындан ары – Учурдагы текшерүү) – семестр ичинде аудиториялык иштерди күнүмдүк текшерүү жана студенттердин өздүк иштерин текшерүү түрүндө үйрөнүү процессинде логикалык жактан бүткөрүлгөн темалар боюнча студенттердин билим деңгээлин жана окуу материалынын өздөштүрүүсүнүн даражасын баалоо.

1.4. Студенттердин жетишүүсүнүн аралык баалоо (мындан ары – Аралык текшерүү) – окуу планы тарабынан үйрөнүлүшү каралган дисциплиналардын аудиториялык окутуу боюнча жумушчу программаларында жана студенттердин өздүк иштери боюнча силлабустарда белгиленген, окутуу процессинде логикалык жактан бүткөрүлгөн бөлүмдөрүн (модулдарды) милдеттүү текшерүү.

1.5. Студенттердин жетишүүсүнүн жыйынтыктоочу баалоо (мындан ары – Жыйынтыктоочу текшерүү) – семестр аяктаганда (экзамендик сессия убагында) окуу планы тарабынан ушул семестрде үйрөнүлүшү каралган дисциплиналар боюнча аттестацияларды (зачетторду) жана экзамендерди кабыл алуу жолу менен милдеттүү текшерүү.

1.6. Учурдагы, аралык жана жыйынтыктоочу текшерүүлөрдү өткөрүү формасы КИУ (факультет) тарабынан жаңыланып турушу мүмкүн. Өзгөрүүлөр боюнча семестрдин башталышына карата студенттерге кошумча маалымдалат.

1.7. Учурдагы текшерүүнү жүргүзүү үчүн окутуучуларга факльтет тарабынан атайын даярдалган тайпалык журнал берилет. Окутуучу тайпалык журналга өтүлгөн сабактын темасын түшүрүү менен студенттин күнүмдүк катышуусун жана жетишүүсүн текшерүү белгилерин коюуга милдеттүү. Бул өз кезегинде модулдардын жыйынтыгын чыгарууда жардам бермекчи.

1.8. Студенттердин жетишүүсүн баалоонун модулдук рейтингдик системасы - семестр ичинде тийиштүү дисциплиналарды логикалык жактан бүткөрүлгөн модулдар боюнча аны үйрөнүү процессинде окуу программаларын студенттер тарабынан өздөштүрүлүүсүн контролдоо.

1.9. Экзамендер билимдердин жана окутуунун сапатын жыйынтыктоочу текшерүүнүн негизги формаларынын бири болуп эсептелинет жана студенттин семестр ичиндеги ишин, теориялык билимдерди өздөштүрүү деңгээлин баалоо, өз алдынча иштөө, алынган билимдерди синтездей жана аларды практикалык, кесиптик милдеттерди чечүүдө колдоно алуу көндүмдөрүн текшерүү максатын көздөйт.

1.10. Дисциплина боюнча экзамен жок учурунда аттестациялар (зачеттор) студенттин теориялык билимдерин баалоонун формасы болуп эсептелинет. Ошондой эле студенттер тарабынан лабораториялык жана эсептик-графикалык иштердин, курстук долбоорлордун (иштердин), практикалык жана семинардык сабактардын жана окуу сабактарынын башка түрлөрүнүн аткарылышын текшерүү формасы катары кызмат кылат.

1.11. Тандоо дисциплиналары боюнча студенттер өздөрүнүн каалоосуна ылайык экзамендерди жана аттестацияларды тапшырышы мүмкүн.

## 2. АРАЛЫКТЫК ЖАНА ЖЫЙЫНТЫКТООЧУ ТЕКШЕРҮҮЛӨРДҮ ӨТКӨРҮҮНҮН ТАРТИБИ

2.1. Окуу процессинин жүрүшү – 16 жумадан кем эмес мөнөттү камтууга тийиш. Жумаларды бөлүштүрүү КИУнун жетекчиси (окуу иштери боюнча проректорунун, декандардын) тарабынан окуу процессиннин графигине ылайык жыл сайын бектилиет. Мисалы жумаларды бөлүштүрүү төмөнкүдөй таризде белгилениши мүмкүн:

- 1-модуль 8 жума;
- 2-модуль 7 жума;
- модулдук жума 1, баары 16 жума.

2.2. Аттестацияларды жана экзамендерди жүргүзүүнүн формасын, ошондой эле студенттердин жетишүүсүн баалоонун критерийлерин КИУ белгилейт.

2.3. Аралык жана жыйынтыктоочу текшерүүлөрү окуу жылы үчүн белгиленген тартипте КИУнун жетекчиси (окуу иши боюнча проректору, декандар) бекиткен окуу процессинин графигине ылайык жүргүзүлөт.

2.4. Экзамендик жүгүртмө сынактарга даярдануу үчүн ар бир дисциплинага эки календарлык күндөн кем эмес убакыт бөлүнүүсүн эсепке алынуу менен түзүлөт. Бир экзамендик сессияга алты аттестациядан жана беш экзаменден көп эмес киргизилет. Бул көрсөтүлгөн санга дене тарбия боюнча зачеттор жана факультативдик дисциплиналар боюнча отчеттор кирбейт. Окутуунун бардык формасы үчүн экзамендердик жүгүртмө студенттик топтордун сунуштарын эсепке алуу менен түзүлөт. КИУнун жетекчиси (окуу иштери боюнча проректору, декандар) бекитет жана экзамендик сессия башталганга чейин бир айдан кем эмес мурда окутуучуларга жана студенттерге маалымдалат.

2.5. Окутуунун бардык формаларынын студенттерине эгер алардын мурдагы семестр (курс) үчүн академиялык карыздары болбосо, экзамендик сессиясын тапшырууга уруксат берилет.

2.6. Ректор (окуу иштери боюнча проректор) деканаттын (бүтүрүүчү кафедранын) жүйөлүү билдирүүсүн эске алып, сабагына жакшы жетишкен студенттердин текшерүү тапшырмаларын (курстук иштерин коргоосунун) тапшыруусунун жеке мөөнөттөрүн аныктайт жана экзамендик сессиялар башталганга чейин айрым же толук дисциплиналар боюнча аттестацияларды жана экзамендерди тапшырууларына уруксат берет.

2.7. Сынактарды лекциялык сабактарды өткөн экзаменаторлор (профессорлор, доценттер, улук окутуучулар) ассистенттердин жардамы менен кабыл алышат. Мындан

сырткары сабактын башка формаларын (практикалык, семинардык, лабораториялык ж.б.у.с.) жүргүзгөн окутуучулар да белгиленген дисциплина боюнча сынактарды кабыл алышы мүмкүн.

2.8. Аттестацияларды дисциплина боюнча практикалык, семинардык жана лабораториялык сабактарды жүргүзгөн окутуучулар кабыл алышат.

2.9. Курстук иштердин (долбоорлордун), эсептик-графикалык иштердин корголушун жана такшалманын өткөрүлүшү тууралуу отчетторду алардын жетекчилеринин катышуусу менен факультет (кафедра) тарабынан дайындалган комиссия кабыл алат.

2.10. Айрым дисциплиналар боюнча аралык текшерүүдөн толугу менен өтпөгөн студенттерге бул дисциплиналар боюнча экзамен тапшырууга жол берилбейт, бирок башка дисциплиналар боюнча экзамендерди тапшыруу укугуна ээ.

2.11. Дисциплинанын айрым бөлүмдөрүн бир нече окутуучулар окуткан учурларда аттестацияны же экзаменди кабыл алуу бул дисциплина боюнча лекциялык, практикалык жана лабораториялык сабактарды жүргүзгөн бардык окутуучулардын катышуусу менен аткарылыш мүмкүн, бирок бир гана баа коюлат.

2.12. Сырттан окуу формасынын студенттери эгер алар ушул аттестациялык-экзамендик сессияга алып чыгылган дисциплиналар боюнча бардык текшерүү тапшырмаларын жана курстук долбоорлорду (иштерди) аткарган болушса, аттестациялык-экзамендик сессияга катышуусуна жол берилет.

2.13. Окуу процессине тиешеси жок чоочун жактардын аттестацияларга жана экзамендерге катышуусуна окуу иштери боюнча проректордун же/жана факультеттин (институттун) жетекчисинин уруксаты менен жол берилет.

2.14. Студент аттестациялык-экзамендик сессияга катышуу алдында зачеттук китепчеси өзү менен болууга тийиш.

2.15. Аттестациялардын жана экзамендердин натыйжалары жетишүү ведомостуна жана студенттин зачеттук китепчесине коюлат. "Канааттандырарлык эмес" жана "өтпөдү" баалары жетишүү ведомостуна гана коюлат. Аттестацияларды жана экзамендерди тапшыруу мөөнөтүндө экзамендик жүгүртмөдө белгиленген аттестацияга же экзаменге келбөө экзамендик ведомостто "келген жок" сөзү менен белгиленет. Жүйөлүү себеби жок келбей калса, КИУ (факультеттин, институттун) жетекчиси тарабынан канааттандырарлык эмес баа катары бааланат.

2.16. Аттестациялык-экзамендик сессиялардын жүргүзүлүшү тууралуу отчеттордун натыйжалары "эң жакшы", "жакшы", "орто", "канааттандырарлык" жана "канааттандырарлык эмес", ал эми зачеттор "аттестация" деген аталыш менен "өттү" жана "өтпөдү" деп бааланат. Ошондой эле аттестация менен экзаменде «Тамга менен баалоо» жана «GPA» технологиялары колдонулат.

2.17. Студенттин жетишүүсүн жыйынтыктоочу баалоо модулдук-рейтингдик системасындагы 2 модулдун жана жыйынтыктоочу текшерүүдө алган баллдарынын топтомунан турат.

2.18. Ар бир модулда жана жыйынтыктоочу текшерүүдө баалоонун 100 (жүз) баллдык системасы колдонулат.

2.19. Студенттин жетишүүсүн баалоо критерийлери таблица 1де көрсөтүлгөндөй жүргүзүлөт.

Таблица 1.

| **Рейтинг (баллдар)** | **Салттык система менен баалоо** | **Тамга системасы менен баалоо** | **Баалоонун цифралык эквивalента (GPA)** |
|---|---|---|---|
| 95-100 | 5 (эң жакшы) | A | 4,0 |
| 85-94 | | A- | 3,67 |
| 80-84 | 4 (жакшы) | B | 3,33 |

| | | | |
|---|---|---|---|
| 75-79 | | B- | 3,0 |
| 60-74 | 3(орто) | C | 2,33 |
| 51-59 | | C- | 2,0 |
| 41-50 | -3 (канааттандырарлык) | D | 1,00 |
| 31-40 | 2 (канааттандырарлык эмес) | FX | 0 |
| 00 - 30 | | F | 0 |

2.20. Студенттин жалпы жетишүүсүн баалоо $\frac{M1+M2*0,85}{2}$+ЖТ*0,15 формуласы менен эсептелет. Мында:

Ml – 1-модул;

M2 – 2-модул;

ЖТ – Жыйынтыктоочу текшерүү.

2.21. Студенттин 2 модулда топтогон баллдарынын (анын ичинде студенттин өз алдынча иштери боюнча алган баллдарынын) жыйынтыгы анын жетишүүсүнүн **85%,** ал эми жыйынтыктоочу текшерүүдө алган баллдары **15%** түзөт.

2.22. модулдардын курамына кирет.

2.23. Студенттин чогулткан баллдары 41-50 түзсө, анда студент -3 канааттандырарлык - D - 1,00 баасына ээ болуп, дисциплинаны кайра окуп тапшыруу укугуна ээ болот. Кайра окуп тапшыруу жараянынын соңунда деле, студенттин чогулткан баллдары 41-50 түзсө, анда студент жүйөлүү себептери табылбаса окуудан четтетилет. Ал эми студенттин чогулткан баллдары 41ге жетпей калса, анда студент дисциплинаны кайра окуп тапшыруу укугуна ээ боло албайт. Мындай учурда студент жүйөлүү себептери табылбаса окуудан четтетилиши мүмкүн.

2.24. КИУнун жетекчиси проректорлор, факультеттердин (иистициттардын) жетекчилери, кафедра башчылары, профессордук-окутуучулук курам жана студенттер менен бирдикте экзамендик сессия процессинде студенттерди даярдоонун сапатын анализдешет жана билим берүүчүлүк процесстин андан ары жакшыртылуусун камсыз кылуучу чараларды көрүшөт. Аттестациялык-кзамендик сессиялардын натыйжалары факультеттин (институттун) жана КИУнун кеңештеринин жыйындарында каралат.

## 3. АКАДЕМИЯЛЫК КАРЫЗДЫ ЖОЮУНУН ТАРТИБИ

3.1. Экзамендик сессиянын аяктоо учуруна карата кеминде бир аттестациядан же экзаменден канааттандырарлык эмес деген баа алган студент академиялык карызы бар деп таанылат.

3.2. Документтер менен ырасталган негиздүү себептерден (ооруп калуу, үй-бүлөлүк жагдайлар, узакка созулган кызматтык командировкалар, табигый кырсыктар ж.б.у.с.) улам белгиленген мөөнөттөрдө аттестацияларды жана экзамендерди тапшыра албай калган студенттерге КИУнун ректорунун (окуу иштери боюнча проректордун, факультеттин жетекчисинин) буйругу менен экзамендерди жана зачетторду тапшыруунун жекече мөөнөттөрү белгиленет.

3.3. Бааны жогорулатуу ("канааттандырарлык эмес", "канааттандырарлык", "жакшы") максатында кайра тапшырууга атайын белгиленген тартиптен сырткары сынактарды экзамендик сессия учурунда кайра тапшырууга жол берилбейт.

3.4. Артыкчылык дипломун алуу үчүн жакшы бааны жогорулатуу максатында экзамендерди кайталап тапшырууга бүтүрүүчү курста гана факультеттин (институттун) жетекчисинин негизделген (жүйөлүү) сунуштоосу боюнча жана эки дисциплинадан көп эмес болсо, КИУнун ректорунун буйругу менен уруксат берилет. Мындай кайра

тапшыруунун бардык маселелери КИУнун Мамлекеттик аттестациялык комиссиясынын жыйыны башталганга чейин кеминде бир ай мурда чечилүүгө тийиш.

3.5. Студенттердин академиялык карыздарын жоюу мөөнөттөрүн факультеттин (институттун) жетекчиси КИУ тарабынан белгиленген тартипте аныктап берет. Негиздүү себептерден улам такшалманын программасын аткарбаган студенттер факультеттин (институттун) жетекчисинин уруксааты менен практикага кайталап жөнөтүлөт.

3.6. Бир эле дисциплина боюнча канааттандырарлык эмес бааны кайрадан тапшырууга үч ирет мүмкүнчүлүк берилет. Экинчи жолку кайра тапшырууну кафедра башчысы түзгөн комиссия, ал эми үчүнчү жолку кайра тапшырууну факультеттин жетекчиси түзгөн комиссия кабыл алат жана протоколдор менен тескелет. Экинчи комиссиянын чечими акыркы болуп эсептелинет.

3.7. Жазуу түрүндө (компьютердик тесттик) экзаменинде канааттандырарлык эмес баасын алган учурда студент аппеляция берүү укугуна ээ. Аппеляция үч күн ичинде (экзаменди тапшырган күндү кошкондо) берилиши мүмкүн. Аппеляцияны кароо үчүн факультеттин (институттун) жетекчиси канааттандырарлык эмес баасын койгон экзаменаторду кошкондо курамы үч окутуучудан кем эмес комиссия түзөт. Комиссиянын төрагасы кафедра башчысы же аны алмаштыруучу кафедра кызматкери болот. Комиссия студенттин жазуу түрүндөгү жообун баалайт. Эгерде комиссия студенттин жообу жакшы баага татыктуу деген корутундуга келсе, бул баа экзамендик ведомостко коюлат. Комиссия тарабынан коюлган баа акыркы болуп эсептелинет.

3.8. Кийинки жылга кайталап окутууга калтырылган студентке окуу иштери боюнча проректордун макулдугу жана КИУнун ректорунун буйругу менен факультеттин (кафедранын) жетекчиси студентке лекциялык курстарды угууга, лабораториялык, практикалык иштерди аткарууга жана тапшырууга тийиш болгон дисциплиналарды кайталап окутуунун тартиптерин жана аттестациялар менен экзамендерди уюштуруунун эрежелерин "Кыргызстан ислам университетинде студенттерди которуунун, окуудан чыгаруунун жана окууга калыбына келтирүүнүн тартиби жөнүндө Жобого" ылайык аныктап берет.

3.9. Экзаменаторго берилүүчү студенттердин жетишүүсүнүн экзамендик ведомостторуна экзаменаторлордун, ассистенттеринин жана студенттеринин аты-жөнү, факультеттин (институттун) аталышы, адистигинин аталышы, курсу, тайпасы, семестри, дисциплинанын аталышы, аттестацияны же экзаменди тапшыруу датасы жазылат. Экзамендик ведомостко факультеттин (институттун) жетекчисинин колу коюлат.

**Түзгөн:**
**Теология жана табияттык-гуманитардык**
**сабактар кафедрасынын башчысынын м.а.** **А. Исмаилов**